Жүрөктөгү сезим

Сөзү:Канатбек уулу Акжол

Обону: Эркинбек уулу Адилет

Келчи, досум, сага айтайын чынымды,
Жашырбайын жүрөктөгү сырымды.
Жарык маанай бир сулууну жактырам,
Жалгыз ага сунгум келет ырымды.
Көздөрү турат жаркырап,
Көргөндө жүрөк талпынат.
Кызганам башка балдардан,
Кыйналып сезим жанчылат.
Жүрөктөгү сезимди жашырбайлычы,
Жүрөктөгү мээримди качырбайлычы.
Кайгы-муңдан карегиңди ачайын,
Позитивди көңүлүмө чачайын.
Чакырамын досум азыр даяр тур,
Тааныштырам экөөңөрдү атайын.
Көздөрү турат жаркырап,
Көргөндө жүрөк талпынат.
Кызганам башка балдардан,
Кыйналып сезими жанчылат.
Жүрөктөгү сезимди жашырбайлычы, ай, ай,
Жүрөктөгү мээримди качырбайлычы.
Эгер болсо сенин сүйүүң ташыган,
Деңгээлиме болуш керек татыган.
Эгер мени сүйгөндүгүң чын болсо,
Болуш керек алдыңдагы машинаң.
Айтылган сөзүм тамаша,
Чындыгына да жараша.
Мен дагы сени жактырдым,
Убакыт болсун тараза.
Жүрөктөгү сезимди жашырбайлычы, ай, ай,
Жүрөктөгү мээримди качырбайлычы.